# Өмурзак Конурбаев атындагы
# Самансур орто мектеби





## 8-класс
## Кыргыз тил сабагы

## Сабактын максаты:

*Сөз айкашы боюнча алган билимдерин бышыкташып, сөз менен сөз айкашынын айырмачылыктарын ажыратышат. Грамматикалык белгилерин табышат жана сөз айкашынын түгөйлөрүнүн өзгөчөлүгүнө карай бөлүнөрүн далилдешет.*





**Ичик - жылуу ичик.**
**Бөлмө - үч бөлмө.**
**Жапыз - үйдөн жапыз.**
**Жакын - тоодон жакын.**
**Баары - окуучулардын баары.**





***Сөз** -өзүнчө жеке турганда жалпы мааниде колдонулат.Ал эми башка сөз менен байланышып, сөз айкашын түзгөндө ал алда канча ачык,так жана кенен мааниде колдонулат.*

***Сөз-** чыныгы реалдуу кубулушту билдирүүчү адам баласынын кебиндеги айрым эң майда бөлүкчөлөр.*

***Сөз айкашы-** эки же андан ашык толук маанилүү сөздөрдүн айкалышынан туруп,лексика-семантикалык мааниси боюнча бири - бирине ылайык келген сөздөр жана белгилүү бир грамматикалык эреженин негизинде өз ара байланыша алат.*



## Кызыктуу жомоктор

| | |
|---|---|
| Кызыктуу | жомоктор |
| ⇩ | ⇩ |
| Багыныңкы | Багындыруучу (негизги) |
| ⇩ | ⇩ |
| Кандай? | Эмнелер? |
| ⇩ | ⇩ |
| Сын атооч | Зат атооч |

**Сөз айкашынын багындыруучу(негизги) бөлүгү-** сөз айкашынын тутумундагы негизги маанини билдирет.

**Сөз айкашынын багыныңкы бөлүгү-** мааниси жана грамматикалык жактан багындыруучу сөзгө көз каранды, б.а. багындыруучу түгөйдүн маанисин ачып тактайт.



## Эркин сөз айкашы жана туруктуу сөз айкашы.

**Эркин сөз айкашы** - бардык учурда кездешип,ал сүйлөм арасында сөздөрдүн маанилик катышын түзүп турат.Айтылуучу ойдун мазмунуна ылайык түгөйлөрү да алмашылып,башка сөздөр менен айкаша берет.Ошондой эле түгөйлөрүн ажыратып жиберүүгө болот жана ар бир түгөйү сүйлөмдө ар башка милдетти аткарат.

М:Биз айылга барабыз.

Биз барабыз-эртең барабыз, кеч барабыз ж.б.

Айылга барабыз- айылга келебиз, айылга жардамдашабыз.

Биз барабыз - ат атооч + этиш.

Айылга барабыз - тактооч + этиш

Биз-ээси, барабыз-баяндооч, айылга-бышыктооч.

*Туруктуу сөз айкашындагы (фразеологизм)* сөздөр тике маанисинен ажырап, бир маанини билдирип, сүйлөмдүн бир гана мүчөсүнүн милдетин аткарат, б.а. аларды ажыратып, же башка сөз менен алмаштырып жиберүүгө мүмкүн болбогон сөз айкаштары.




Ат жалына казан ас.

Узун жолду кыскарт.




Мээримдүү эне.
Билимге умтулуу.
Сөз
Сөз айкашы
Телефон менен сүйлөшүү.
Кызыктуу китеп.


Ойлон


*Туруктуу сөз айкашы*

*Кой оозунан чөп албаган - момун, жоош.*

*Оозу менен орок оргон - кыйратпаган,*
*иш бүтүрбөгөн.*




Сүрөттөрдөн эмнени байкадынар


Көңүл
бурганыңыздарга
чоң ыракмат!